**Стилди аныктоо**


1- **вариант**
**1-текст**

Үйдүн жанынан өтө берерде: «Эй, бир киши! Эй, бир киши!» — деген кыйкырык угулду. Абыл жалт карады. Кичинекей бала устунга минип алып кыйкырып жатат. «Көзүнө караганда Тилектин баласы окшойт. Чоңоюп калган тура». Сапарын улады. Үшкүрүнө кетти: «Кийинки балдарды тааныбай калмак болдум… Мурда айылдын иттеринен өйдө…» Айылга келгенде дайыма ушул оюна түшөрүн, калаага баргандан кийин эле кайра унутулуп каларын эстеп, жүрөгү мыжылды.

**2-текст**

21-кылымда компьютердик технологиялар ири жетишкендиктерге ээ болду. Бир нече жыл илгери “компьютер” деген сөздүн өзү эле көпчүлүк адамдар үчүн бейтааныш болсо, учурда дүйнө жүзүндө миллиарддаган адамдар компьютердин жардамы менен интернетке кирип, керектүү маалыматтарды ордунан жылбай эле алууга жетишти. Албетте, бул адамзаттын бир нерсени билип-таанууга болгон умтулуусун бир кыйла жеңилдетти. Ошону менен катар, компьютердик оюндар өзүнчө бир ооруга айланды. Өзгөчө мектеп окуучулары бул оюнга кызыгып, компьютердик оюндардан тышкары дагы башка жашоо бар экенин унутуп коюшкансыйт. Айрым маалыматтарды карап көрсөк, кээ бир кылмыштар дал ушул компьютердик оюндардын таасири астында жасалган.

**3. Стилди аныкта**



«Айыл банк» ачык акционердик коому менен
«Акыл» мамлекеттик акционердик коомунун

| | |
|---|---|
| МАКУЛДАШЫЛДЫ | МАКУЛДАШЫЛДЫ |
| «Айылбанк» ачык акционердик коомунун башкы директору | «Акыл» мамлекеттик акционердик коомунун башкы директору |
| ______ ________________ (кол тамгасы) аты-жөнү | ______ ________________ (кол тамгасы) аты-жөнү |
| 15.08.2015. | 15.08.2015. |
| мөөр орду | мөөр орду |

**4. Текстти аныкта**

Сунуштама Кубанычбек уулу Кабылбекке берилет. Кубанычбек уулу Кабылбек 2009-жылдын 16-июнунда № 67 буйрук менен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын иш кагаздары, кадрлар жана уюштуруу иштери бөлүмүнө

94

жетектөөчү адис – юрист кызматына кабыл алынган. Жумушка кабыл алынган күндөн тартып Кубанычбек уулу Кабылбек өзүн дасыккан адис катары көрсөтө алды. Ал Мамлекеттик тил комиссиясына тиешелүү иш кагаздарын сапаттуу жүргүзүүгө жана юридикалык документтердин долбоорлорун иштеп чыгууга активдүү катышкан. Бардык ишке жоопкерчилик жана чыгармачылык менен мамиле жасайт. Анын ишмердиги учурдагы талаптарга толугу менен жооп берет. Кубанычбек уулу Кабылбек токтоо жүрүш-турушу, сылыктыгы, коммуникабелдүүлүгү менен айырмаланып турат. Ал өзүнө карата айтылган сын-пикирлерди туура кабыл алат. Мекеменин коомдук иштерине такай катышып, өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтө алды. Үй-бүлөлүү. Эки баланын атасы.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы Кубанычбек уулу Кабылбекти жоопкерчиликтүү жана жөндөмдүү адис катары сунуштайт.

Сунуштама талап кылынган жерге берилсин.

**Иш кагаздары, кадрлар жана**
**уюштуруу иштери бөлүмүнүн**
**жетекчиси** (кол тамгасы) **аты-жөнү**

23.03.2016

**5. Стилди аныкта**

Банк же башка финансы-кредит уюму карыз алуучуга ар кандай максаттарга убактылуу пайдаланууга сунуштаган акча каражатынын суммасын кредит деп түшүнүү зарыл. Банк берген сумма негизги сумма болуп эсептелинет, ал эми аны пайдадалангандыгы үчүн пайыздар төлөнүп берилиши зарыл. Көпчүлүк учурда айрым бир операция мисалы, кредитке берилген акча каражатын нак акчага айландыруу үчүн комиссиялык төлөмдү төлөөгө туура келет. Кредиттин негизги суммасы, ага кошуп эсептелинген пайыздар жана комиссиялык төлөмдөр кредиттик келишим мөөнөтү ичинде кайтарылууга тийиш. Кредит суммасы канчалык кеч кайтарылган болсо, ошончо көбүрөөк пайыз төлөөгө туура келет.